**Ош мамлекеттик университети**

**Эл аралык билим берүү программалары колледжи**

**«Котормо иши: чыгыш тилдери» бөлүмүмүнүн**

**ата-энелер чогулушунун**

**№ 10-ПРОТОКОЛУ**

**6-апрель 2023-ж.** **Ош ш.**

**Чогулушка катышты: Окутуучулар: 18**
**Ата-энелер: 54**
**Колледж администрациясы**

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Конференцияны ачып берүү (бөлүм башчысы Таштанова Жамила Анарбековна).
2. Ата-энелер тарабынын сабактан тышкары мезгилде студенттер бош убактысын өткөрүүсүн көзөмөлдөө (колледждин директору Рамашов Кумарбек Акматалиеич).
3. 2022-2023 окуу жылынын күзгү семестринин жыйынтыгы менен тввныштыруу (колледждин директорунун орун басары Нишанов Чубак Байышович).
4. ОшМУнун AVN системасы боюнча маалымат берүү (колледждин тарбия иштери боюнча директорунун орун басары Давлятова Барчын Сулаймановна).
5. Ата-энелерге сөз берилет суроо-жооп (катышуучулар)

***1-маселе:*** Угулду: ЭАББП колледжинин **директору Рамашов Кумарбек Акматалиевич** келген ата-энелердин менен саламдашкан соң чогулушту ачык деп жарыялады. Колледждин директору **Рамашов К.**: - Саламатсыздарбы, урматтуу ата-энелер, убактыңыздарды бөлүп, келип отурганыңыздарга ыраазычылык билдиребиз. Канткенде билим деңгээлибизди көтөрөбүз, канткенде балдарга туура тарбия бере алабыз. Ата-энелер колледж, окутуучулар менен тыгыз мамиледе болсок балдардын билим деңгээлин, тарбия сапатын көтөрөбүз. Негизгиси тарбия анан билим. Билим менен тарбияны айкалыштырып кетсек мамлекет өнүгүп өсөт деген ишеничтемин. Өнүгүп өсүп келаткан жаштарыбызга коом таасир берүүдө. Илим, техника, маалымат заманында болуп затабыз. Замандын талабына жараша кантип таалим тарбия бере алабыз? Балдарыбыздын психологиясын билип жакшы жакка үндөп, тыгыз мамиледе болуп, көңүл бөлүүбүз шарт. Балдарыңыздардын тартип маселесин көзөмөлгө алыныздар, себеби кээ бир студенттер жада калса окутуучу менен саламдашуу адебин билбейт. Колледжде окутуучулар үйдө ата-энелер тарбияны берсе балдардын тарбиясы ондолмок. Андан кийинки олуттуу маселелердин бири студенттердин сабак учурунда телефонду көп колдонуусу, телефон билим алуу процессине терс

Scanned with CamScanner

таасирин бергендигине байланыштуу окуу жайдын ички эрежелерине сабак учурунда окутуучу чөнтөк телефондорду чогултуп алуусу керек. Интернет аркылуу материалдар колдонулганда же болбосо телефон керек болсо телефондор берилет. Кийинки маселе студенттердин кийинүү маселеси, айрым студенттер диний көз караштан улам толук кара түстө же жүзүн толугу менен жаап алышат, мындай учурда студенттин өздүгүн тактоого мүмкүн болбой калат, айрым студенттер батышты туурап өтө ачык кийинишет, ошондуктан туура түшүнүп балдарыныздарды окуу жайдын нормасына ылайык кийинүүсүн камсыздасаныздар.Сабакка катышуу маселеси да олуттуу болууда, сабакты көп калтырган студенттерди окуудан четтеттирип жатабыз, себеби такыр келбей бирок сынактардан баа алып жаткан студенттер болбоосу керек. Биздин колледжде жакшы жанылык, өзгөрүүлө болуп жатат, мисалга айта кетсек колледждин баржык кабаттарына wi-fi орнотулду, лингафондук каана, китепкана ишке берилди, колледждин радиосу да ишин жүргүзө баштады. Студенттердин билим сапатын өнүктүрүүдө, тарбиясын бекемдөөдө тынымсыз иш аракеттерди аткарып келе жатабыз, колледжде ар кандай кружок иштери, компонент сабактары болуп жатат. Сиздерде суроо, сунуш пикирлер болсо бериниздер.

**Суроо: Ата-эне: -** Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер жана окутуучулар телефонду сабак учурунда алып кою демилгесин колдоймун, телефонду пайдалуу нерсеге көрүүгө, үйрөнүүгө пайдаланышсын. Мен айта турчу маселе студенттердин ажаатканасына эмнеге жетишээрлик денгээлде көнүл бөлүнбөйт?

**Жооп: директор Рамашов К.**: Чындыгында бул көйгөй бар, биз студенттерге ананимдүү сурамжылоо кылганда ушул маселени айтышкан, ошондуктан биз ондоо иштерин жүргүзүүдөбүз. Бирок чындыгында студенттер ажаатканага кирип чыгуу адебин билишпейт.

**Суроо: Ата-эне: -** Саламатсыздарбы! Биздин балдардын коопсуздугу учун колледжде видеокамералар барбы?

**Жооп: директор Рамашов К.**: колледждин ичинде видеокамералар бар, жакында тендерден утуп чыктык колледждин сыртына13 жаны камера коюлат. Бирок биз колледждин жетекчилиги колледждин ичиндеги гана коопсуздука жооп бере алат экенбиз, сабактан сырткаркы убактарда студенттердин кайсыл жерде, эмне менен алектенгенин билбейт экенбиз.

***2-маселе:*** Угулду: «Котормо иши: чыгыш тилдери» бөлүмүнүн бөлүм башчысы **Таштанова Жамила:** Урматтуу, ата-энелер. Чынында кээ бир студенттердин жүрүм-туруму жакшы эмес, мугалимдерди сыйлоону билишпейт. Ата-энелер сиздер да окутуучуларга жардам берип студенттердин тарбиясына көңүл бөлүнүздөр.

**Суроо: Ата-эне: -** Саламатсыздарбы! Менин кызым азыркы учурда кытай тилин окуп жатат, быйыл окуусун бүтсө кытайга окууга тапшыра алабы?

**Жооп: Таштанова Жамила:** кытай тили адистигинин студенттери мартта экзамен тапшырышкан, эгер ошол экзамендин жыйынтыктары жакшы чыкса Кытайга бакалаврга тапшырууга шарт түзүлөт. Биздин студенттердин жетишкендиктери аябай жакшы, кытай тили боюнча республикалык эле эмес дүйнөлүк конкурстарга катышып байгелүү орундарды ээлеп жатышат.

Scanned with CamScanner

**3- маселе .** Угулду: 2022-2023- Окуу жылынын 1-семестринин жыйынтыгы жөнүндө Эл аралык билим берүү программалары колледжинин окуу иштери боюнча орун басары Нишанов Чубак Байышович билдируу жасап, презинтация аркылуу колледжди тааныштырды.

**Суроо: Ата-эне:** - Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер жана директор! Менин суроом окуу акысы боюнча, эмнеге студент окуу толомун убагында толобогон студентти дароо окуудан четтетуу канчалык туура? Себеби контрактын 70% толоп 30% калганда экзаменге баа коюлбай калган.

**Жооп:** -окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары **Нышанов Ч.**: окуу жайдын эрежесине ылайык окуу акысын сессияга чейин төлөп бүтүрүү зарыл, эгер өз убагында толонбосо AVN системасы автоматтык түрдө жабылып студент экзаменге катышса да баалары системага коюлбайт. Ошондуктан окуу акысын өз убагында төлөө зарыл.

**Суроо: Ата-эне**: -Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер жана окутуучулар! Айрым учурда студенттер ооруп калат, ошондой учурлардан ар бир студент сөзсүз түрдө директорго барып жооп сурашы керекпи?

**Жооп:** -окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары **Нышанов Ч.**: ооруп жаткан болсо тиешелүү жерден справка алып келсе болот.

**4-маселе. Угулду:** Окуу тарбия иштери боюнча директорун орун басары Давлятова Барчын Сулаймановна студенттердин сабакта болгон жүрүм-туруму жана катышуусун катуу көзөмөлгө алуусун; ата-энелер тарабынан сабактан тышкары мезгидде студенттердин жургөн жерин көзөмөлдөөсүн; коррупцияга каршы күрөшүү боюнча кандай иш-аракеттер журуп жаткандыгын айтып, ата-энелер окутуучулар менен тыгыз байланышта болуп, өз балдарын көзөмөлгө алуусун суранды. Окутуучулар ата-энелер менен тыгыз байланышта болуу максатында ар бир кураторго тиешелүү тапшырмаларды беребиз, ар бир куратор whatsapp тиркемеси аркылуу сиздерге маалыматтарды берип турат. Андан сырткары колледжде өткөрүлгөн маданий-массалык иш чаралар менен, жатаканада жашаган студенттердин абалы менен тааныштырды

ПЦК башчысы студенттердин практикасы боюнча презентация аркылуу тааныштырып, студенттер практикага чыгуусу аларга келечекте жумушка орношуусуна шарт тузуп беришин белгиледи.

***5-маселе: Суроо-жооп***

**Суроо: Ата-эне:** - Саламатсыздарбы урматтуу окутуучулар жамааты жана ата-энелер! Мени кызыктырган масле бул колледжде рекетчилик жокпу?

Жооп: Окуу тарбия иштери боюнча директорун орун басары **Давлятова Барчын:** Биз студенттерден бул маселе боюнча сурамжылоо жүргүзөбүз, алар бизге андай көйгөй жоктугун айтышат, бирок башка булактардан билишибизче кээ бир чоң курстардын студенттери кичине курстардан акча сурайт деп айтышат.

**Суроо: Ата-эне:** - Саламатсыздарбы! Колледжде ашкана маселеси кандай каралган? Студенттер азыркы учурда кайсыл жерден тамактанышат?

Scanned with CamScanner

Жооп: **Таштанова Жамила:** азыркы учурда ашкана убактылуу иштебей жатат, бирок оңдоо иштери аяктагандан кийин кадимкидей колдонууга берилет.

**Суроо: Ата-эне: -** Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер! Студенттерге аудиторияларда тазалоо иштерин жасатуу канчалык деңгээлде мыйзамдуу?
**Жооп: Таштанова Жамила:** Колледжде негизсиз студенттерге тазалоо иштери жүргүзүлбөйт, аудитория тазалоо фактысы катталган күнү республикалык ишембилик болгон, ошондо айрым студенттер аудиторияны тазалашкан.

**Ата-эне: Уранмова Батина:** Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер! Баарыныздардын кармаган орозонуздар кабыл болсун! Менин уулум жана кызым ушул колледжде билим алышат, мен бул окуу жайдын билим сапатына, окутуучулардын билим берүү деңгээлине абдан ыраазымын жана рахматымды айткым келет. Кээде биз ата-энелер мугалимдерден көп нерсени талап кылабыз, бирок өзүбүз балдарыбызга, алардын тарбиясына жетишээрлик көңүл бөлбөйбүз, мен ишенем эгерде биз ата-энелер мугалимдер менен биргеликте балдарыбыздын билимине, тарбиясына көзөмөл кылсак балдарыбыздан өзүбүз сыймыктанган инсандар чыгат.

**Ата-эне: Манаева Нуржамал:** Менин кызым окууга тапшырып жатканда татыктуу билим алсын деген максатта ушул окуу жайды тандаганбыз, анткени билим сапаты, шарты жогорку деңгээлде. Биз ата-эне катары окуу жайга кандай жардам бере алабыз? Биз балдарыбыздын тарбиясын, жүрүм турумун жакшыртсак биздин колледжге кошкончоң салымыбыз болот деп эсептейм. Бүгүн колледжге келип колледждин адмнистрациясы аябай жакшы иштеп жатканын байкадым, мурда келгенден бир топ жакшы жака өзгөрүптүр. Бүгүн чогулушка келе жатып кур кол келбеңийин деп атайын кызым окуган адистиктин окутуучуларына кытай тилинеги Сайпидин Ысак уулунун китебин белек катары ала келдим эле, ошону сиздерге тапшырып коюга уруксат берсениздер. Бардык окутуучулардын иштерине ийгиликтерди каалайм.

**Ата-эне: -** Урматтуу, агай-эжейлер сиздерге ыраазыбыз. Билимдүү балдар көбөйө берсин. “Мугалим мөмөлүү дарак” демекчи берген билимиңиздер жугумдуу болсун. Менин кызым 1-курста окуйт, өзү жаш болгонуна карабастан көптөгөн ийгиликьерге жетишти, көптөгөн сыйлыктарды алды, бул нерседе колледждин окутуучуларынын салымы чоң, ошондуктан баарыңыздарга ыраазычылык билдирем.

Scanned with CamScanner

***Эл аралык билим берүү программалары колледжинин «Котормо иши: чыгыш тилдери» бөлүмүнүн студенттеринин ата-энелери минен жолугушуусунда колледждин жетекчилиги тарабынан берилген маалыматты угуп, талкуулап, сунуш жана пикирлерди эске алып***

***ЧЕЧИМ кылат:***

1. ОшМУнун AVN системасы боюнча кураторлор ата-энелерге кенен маалымат берсин.
2. Аудиториялардын шарттарын жакшыртуу маселесин чечүү, ОшМунун ректоратына кайрылуу жасалсын.
3. Чечимди аткаруу бөлүм башчысы Таштанова Жамила Анарбековна жана окуу бөлүмүнүн орун басары Нишанов Чубак Байышовичке жүктөлсүн.

**Бөлүм башчы:** **Таштанова Ж.А.**

**Катчы:** **Исманлова Н.Д.**

Scanned with CamScanner